**“Элдик Банк" ААК компаниясы үчүн парник газдарынын чыгындыларынын маалыматтарын верификациялоо тууралуу корутунду.**

Корутундунун номери № SSDC-01-25/VO

## 1. Киришүү

"SSDC" ЖЧШ "Элдик Банк" ААК тарабынан көз карандысыз текшерүү жүргүзүү үчүн тартылган 3-чү аймакка, 15-категориядагы Инвестициянын тиешелүү парник газдарынын чыгындылары жөнүндө маалыматтар.

«Элдик Банк» ААК баштапкы маалыматтардын даярдалышы, толуктугу жана тактыгы, ошондой эле парник газдарынын чыгындыларынын инвентаризациясынын тышкы отчетун даярдоо үчүн жалгыз жоопкерчилик тартат. "SSDC" ЖЧШнын милдети колдонуудагы стандарттарга жана верификациялоо критерийлерине ылайык берилген маалыматты көз карандысыз верификациялоо болуп саналат. Мында "SSDC" ЖЧШнын жоопкерчилиги "Элдик Банк" ААК тарабынан даярдалган маалыматтын аныктыгы жөнүндө корутундуларды берүү менен чектелет.

Бул корутунду "SSDC" ЖЧШнын көз карандысыз кесиптик пикирин билдирет жана бардык кызыкдар тараптарга маалымдоого арналат.

## 2. Верификациялоонун максаты

Верификациялоонун максатын тастыктоодо:

- берилген маалыматтын верификациялоонун колдонулуучу критерийлерине, анын ичинде колдонуудагы стандарттардын принциптери жана талаптары, верификациялоонун белгиленген чөйрөсүнүн чегинде ылайык келүүсү;
- Уюм тарабынан даярдалган парник газдарынын чыгындарынын инвентаризациясынын толуктугу, тактыгы жана ишенимдүүлүгү;
- парник газдарынын чыгындарын эсепке алуу жана башкаруу менен байланышкан ички контролдук чараларынын шайкештигин жана натыйжалуулугун биринчи жолу сунушталды.

## 3. Верификация аймагы

Отчеттук мезгил: 01.01.2024 ж. – 31.12.2024 ж.;
Камтуу чөйрөсү: 3 аймакта парник газдарынын чыгындылары, 15 категориядагы инвестициялар;
Уюштуруу чектери: оперативдүү башкаруу принциби;
Жайгашкан жери: "Элдик Банк" ААКнын башкы кеңсеси, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Москва көч. 80/1.

## 4. Верификациянын критерийлери жана протоколдору

a. GHG Protocol, PCAF (финансы тармагы үчүн эсепке алуу стандарты);
b. ISO 14064-3:2019 «Парник газдары- 3-бөлүк -Парник газдарынын билдирүүлөрүн текшерүү жана валидациялоо боюнча колдонмону камтыган спецификация».

## 5. Тастыктоо деңгээли

**Тастыктоо деңгээли: чектелген**

**6. Парник газдарынын верификациялоо методологиясы**

«SSDC» ЖЧШ «Элдик Банк» ААК үчүн жана анын кызыкдар тараптары үчүн эң маанилүү болгон чөйрөлөргө басым жасоо менен текшерүү процессинде тобокелдикке негизделген мамилени колдонду.

Парник газдарынын чыгындылары жана аларды башкаруу процесстери боюнча Банктын маалыматтарын текшерүүнүн жүрүшүндө төмөнкү ыкмалар колдонулган:

a. башкы кеңсеге барууну кошо алганда, документтерди жана маалымат булактарын текшерүү, отчетторду, жазууларды жана башка тастыктоочу документтерди талдоо;

b. процесстерди жана инструменттерди карап чыгуу, парник газдарынын чыгындылары боюнча маалыматты чогултуу, бириктирүү жана көрсөтүү үчүн колдонулган ыкмаларды баалоо;

c. маалымат системаларын жана ички контролду баалоо, анын ичинде чыгындылар боюнча маалыматтарды тандоо жана башкаруу жол-жоболору; жыйноо, иштетүү, консолидациялоо жана маалымат берүү; маалыматтардын тактыгын жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу механизмдери, ошондой эле чыгындылар маалымат базасынын иштешин колдоо системалары;

d. парник газдарынын чыгындылары боюнча отчетко киргизилген маалыматтарды өндүрүү, чогултуу жана башкаруу процесстеринин тандалма аудиттери;

e. жарыяланган чыгындыларды баалоодо далилдүү базаны түзүү үчүн сандык жана сапаттык маалыматтарды талдоо;

f. уюмдун верификация критерийлерине ылайык келүүсүн баалоо жана “Элдик Банк” ААК билдирилген маалыматтарын тастыктоо үчүн берилген далилдердин жетиштүүлүгүн аныктоо.

**7. Верификациялоонун натыйжалары**

Текшерилген маалыматтар: 3 аймактын чыгындысы , 15 категория
Инвестициялар. Жыйынтыктоочу маани: **103 507,75 т$CO_2$е.**

**8. Корутунду**

Жүргүзүлгөн верификациялоонун негизинде "SSDC" ЖЧШ "Элдик Банк" ААКга отчеттук маалыматтардын чектелген аныктыгын берет. Текшерүүнүн жүрүшүндө эч кандай далил табылган жок,отчеттун:

a. Олуттуу анык эмес болуп саналганы;
b. отчеттуулук критерийлерине жооп бербегени;
c. отчеттук мезгилде парник газдарынын чыгындыларын туура чагылдырбаганы;

**9. Көз карандысыздык жөнүндө билдирүү**

"SSDC" ЖЧШ "Элдик Банк" ААКнын маалыматтарын же отчетун даярдоого катышкан эмес жана бардык кызыкдар тараптарга карата тең салмактуу мамилени сактоо менен көз карандысыздыгын сактап келет.

Кол тамга:

**Жангазак А. М.**
"SSDC" ЖЧШнын жетектөөчү верификатору — Дата: 29.09.2025 ж.

**Утегенов Р.**
"SSDC" ЖЧШнын техникалык эксперти — Дата: 29.09.2025 ж.

**Максұт А.**
"SSDC" ЖЧШнын директору — Дата: 29.09.2025 ж.